



# Айлана-чөйрө жана балдардын ден-соолугу

# **Эң мыкты практикалык долбоорлорго байге**

## **Ийгиликтүү долбоорлордун мисалдары боюнча суроо**

**Сентябрь, 2009**

2004-жылы Европанын, Кавказ жана Борбордук Азиянын 52 өлкөсүнүн ден-соолук жана экология министрлери «Айлана-чөйрө жана балдардын ден-соолугу» аттуу Европа боюнча иш-аракеттердин планын макулдашып, кол коюшкан («АЧБД» аттуу Европа боюнча планы ). Мына эми, 5 жыл өткөндөн кийин, келерки «Өзгөрүп жаткан айлана-чөйрөдө балдардын ден-соолугун коргойлу» аттуу министрлердин конференциясында эң мыкты 8 долбоор Италияда тартууланат.

**Байгелер:** Ар бири 1.000 евродон турган 8 байге 2010-жылдын 10-12 мартында Италиядагы Парма шаарында өтө турган айлана-чөйрө жана ден-соолук боюнча бешинчи Министрлик конференциясында министрлер аркылуу конкурстун женүүчүлөрүнө тапшырылат. Жол-кире жана жатакана чыгымдары уюштуруучулар аркылуу төлөнөт.

**Демөөрчүлөр:** Бул байгелер жана тапшыруу аземинин демөөрчүлөрү болуп Австрия, Дания, Германия, Нидерланды, Норвегия жана Швеция мамлекеттеринин өкмөтү жана Европа Комиссиясы саналат.

**Эл аралык эксперттер жюриси:** конкурста тартууланган долбоорлор, ар бир категориясына көз карансыз эки эксперттерден турган жюри аркылуу бааланат. Жюринин курамы Дүйнөлүк Ден-соолук Коргоо Уюмунун Европа регионундагы 53 өлкөсүндөгү ден-соолук коргоо, санитария жана айлана-чөйрө боюнча эксперттердин, жаштардын, эл аралык уюмдардын, ошондой эле уюмдардын бирикмесинин өкүлдөрүнон түзүлөт.

**Конкурска кимдер катыша алат:** конкурска Европа, Чыгыш Европа, Түштүк-Чыгыш Европа, Кавказ жана Борбордук Азия региондорунун 53 өлкөсүндөгү айлана- чөйрөнүн балдардын ден-соолугуна тийгизген таасирин жакшыртуу боюнча иш-аракеттеринин алкагында иштеген уюмдар же топтор – мисалы, мектептер, жаштар уюмдары, жергиликтуу бийлик органдары, өкмөттүк эмес уюмдары катыша алат. Долбоор иштелип бүткөн же жүргүзүлүп жаткан деңгээлде болуусу заарыл.

***Кошумча маалымат учун контакт: Olivia Radu, Женщины Европы за всеобщее будущее (WECF): olivia.radu@wecf .eu; Tel: +31-30-2310300, Fax: +31-30-2340878, Biltstraat 445, NL – 3572 AW Utrecht, Postal Address: PO Box 13047, 3507 LA Utrecht, the Netherlands***

**Конкурстун категориялары:** “Мыкты практикалардын” мисалдары төмөндөгү сегиз категориялардын бирине туура келүүсү заарыл:

| ***Категория*** | ***Түшүндүрмө*** |
|---|---|
| **1. Суу** жана/же **санитария** (АЧБД Европа боюнча планынын I регионалдык башкы маселеси) | Суу аркылуу таралган жана ашказан-ичеги ооруулярын жойуу – балдар үчүн ичүүчү суунун сапатын, гигиена жана санитардык шарттарды жакшыртуу |
| **2. Кырсык** жана/же **дене-тарбия боюнча активдүүлүк** (АЧБД Европа боюнча планынын II регионалдык башкы маселеси) | Кырсык окуялар жана травмалар аркылуу ден-соолукка тийген зыянды азайтуу, ошондой эле көп кыймылдабаган жашоо турумуна байланыштуу оорулардын санын төмөндөтүү – балдар үчүн физикалык айлана-чөйрөнү коопсуздугун жана жагымдуулугун жогорулатуу |
| **3. Имараттын ичинде** жана/ же **сыртында болгон абанын булганышы** (АЧБД Европа боюнча планынын III регионалдык башкы маселеси) | Респиратордук оорулардын жыштыгын азайтуу жана алдын алуу – балдар үчүн имараттын ичинде жана сыртында абанын сапатын жакшыртуу |
| **4. Химиялык заттар** жана/же **радиация** (АЧБД Европа боюнча планынын IV регионалдык башкы маселеси) | Интоксикация, түзөлбөс зыянды жана хроникалык ооруларды азайтуу – балдардын өмүрү жана ден-соолугуна болгон химиялык жана физикалык коркунучтарды алдын алуу жана төмөндөтүү |
| **5. Жаштардын катышуусу** | Муундардын кызматташуусу – жаш муундарды Европадагы «Айлана-чөйрө жана ден-соолук» процессине тартуу |
| **6. Мобилдүүлүк** | Айлана-чөйрөнүн булганышын, кырсык жана кокустуктарды жана шаарлардын өсүшүн төмөндөтүү – балдардын кыймылын коопсуз жана жагыштуу кылуу |
| **7. Климатты коргоо** | $CO2$ эмиссияларын төмөндөтүү жана климаттын өзгөрүшүнө адаптациялануу – балдардын жана жаштардын маалыматтуулугун жогорулатуу, абага көмүртек ыргытууларын азайтуу боюнча практикалык иш-жүргүзүүлөр жана алардын ден-соолук менен болгон байланышы |
| **8. Мектептер** | Мектептерде жана бала-бакчаларда экологиялык жана ден-соолукка болгон коркунучтарды төмөндөтүү – мектептерде ден-соолук жана айлана-чөйрөнүн абалын жакшыртуу боюнча практикалык иш-аракеттерин күчөтүү |

***Кошумча маалымат учун контакт: Olivia Radu, Женщины Европы за всеобщее будущее (WECF): olivia.radu@wecf .eu; Tel: +31-30-2310300, Fax: +31-30-2340878, Biltstraat 445, NL – 3572 AW Utrecht, Postal Address: PO Box 13047, 3507 LA Utrecht, the Netherlands***

**Тандап алуу критерийлары:** долбоорлор  0дөн (талапка жооп бербеген) 5ке (мыкты) чейин төмөнкүлөрдүн негизинде бааланат:

- ✓ **Актуалдуулук:** долбоордун  Европада айлана-чөйрөнүн жана балдардын ден-соолугу боюнча көйгөйу менен байланышы
- ✓ **Ачык-айкын жыйынтыктар:** долбоор  канчалык  айлана-чөйрөнүн жана балдардын ден-соолугу боюнча көйгөйун чечүү жолунун көрүнүктүү пайдаларын көргөзөт
- ✓ **Маалыматтуулукту жогорулатуу:** долбоор айлана-чөйрөнүн жана балдардын ден-соолугу боюнча көйгөйу жөнүндө маалыматтуулукту жогорлатууга канчалык салым кошот
- ✓ **Кызматташтык/коп-сектордук ыкма:** долбоор  иш-жүргүзүүсүнө башка топтор, уюмдар же башка секторлор канчалык  деңгээлде тартылган
- ✓ **Кайталоо эффекти:** долбоор башка жерлерде жана өлкөлөрдө кайталаап жүргүзүүгө же кеңейтүүгө болобу
- ✓ **Оригиналдуулук:** долбоордун инновациясы  жана жаңылыгы
- ✓ Долбоордун  **чыгымдары - эффективдуулугу**

Кошумча маалымат жана АЧБД Европа боюнча планынын чегинде өткөн мурунку конкурстардын мисалдары төмөнкү сайтта жайгашылган: http://cehape.env-health.org

**Маанилүү кундөр:**

**Дүйшөмбү,7 декабрь 2009:** АЧБД Европа боюнча планынын конкурсуна билдирмелерди берүүнүн акыркы мөөнөтү

**Жума, 22 январь 2010:** сегиз женүүчүлөрдү жарыялоо

**Жума, 30 январь 2010:** уюштуруучуларга жол-кире жана виза чыгымдарын каражаттоо билдирмелерин берүүнүн акыркы мөөнөтү

**Жума, 5 февраль 2010:**  Эгер талап кылынса,  женүүчүлөрдүн кошумча маалымат берүүсүнө акыркы мөөнөт

**Шаршемби – Жума, 10-12 март 2010:** Министрлик конференция жана Байге тапшыруу Аземи , Парма шаары

**Конкурстун уюштуруучулары:** Парма шаарындагы Министрлердин бешинчи айлана-чөйрө жана ден-соолук боюнча конференциясына конкурсту жана ийгиликтүү практикалык долбоорлорго  байгелерди биргелешип төмөнкү уюмдар даярдашат: Европанын аялдары жалпы коомдук келечек үчүн (WECF), Ден-соолук жана айлана-чөйрө үчүн альянс (HEAL), Айлана-чөйрө үчүн доктурлардын эл аралык коому (Австрия) жана Европанын ЭКО-Форуму.

***Кошумча маалымат учун контакт: Olivia Radu, Женщины Европы за всеобщее будущее (WECF): olivia.radu@wecf.eu; Tel: +31-30-2310300, Fax: +31-30-2340878, Biltstraat 445, NL – 3572 AW Utrecht, Postal Address: PO Box 13047, 3507 LA Utrecht, the Netherlands***

***Демөөрчүлөр:*** Бул байгенин демөөрчүлөрү болуп Австрия, Дания, Германия, Нидерланды, Норвегия жана Швеция мамлекеттеринин өкмөтү жана Европа Комиссиясы саналат.

***Уюштуруучулар:***

***Кошумча маалымат учун контакт: Olivia Radu, Женщины Европы за всеобщее будущее (WECF): olivia.radu@wecf .eu; Tel: +31-30-2310300, Fax: +31-30-2340878, Biltstraat 445, NL – 3572 AW Utrecht, Postal Address: PO Box 13047, 3507 LA Utrecht, the Netherlands***